**«Бекитемин»**

**Ош мамлекеттик юридикалык институтунун ректору, юридика илимдеринин кандидаты, профессор Токторов Э.С.________________**
**«10» ________09________ 2020-ж.**

**Ош мамлекеттик юридикалык институтунун "Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы" кафедрасынын протоколунан көчүрмө №1**

**Отурумдун төрагасы** – Жаанбаева Ч.К., юридика илимдеринин кандидаты, доц. м. а. (12.00.01.) "Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы" кафедрасынын башчысы.

**Отурумдун катчысы** – Усорова Нагима Ырысбековна ОшМЮИнин ОК катчысы.

**Катышкандар:** Жаанбаева Ч.К. ю.и. к., доц. м. а., (12.00.01) Эрматова А.К. ю.и.к., доц.м.а. (12.00.01), Жусупов Б.А. ю.и.к., доцент (12.00.01-12.00.08), Тайлакова С.Дж. ю.и.к., доцент (12.00.01), Атамкулова Е.Т. ю.и.к., доцент (12.00.01), Матисакова З.У. ю.и.к., доц.м.а. (12.00.02), Эргешбаева Р.Дж. фил.и.к., доцент (09.00.01), Кулдышева Г.К. ю.и.д., профессор (12.00.01), Мурзаибраимов Н.Б. ю.и.д., доцент (12.00.01), Абытов Б.К. т.и.д., профессор (07.00.02), Бакирова Ш.М. ю.и.к., доц.м.а. (12.00.02), Татенова М.Б. ю.и.к., доц.м.а. (12.00.01), Сулайманова Б.К. ю.и.к., доц.м.а. (12.00.08), Юсупалиев И.К. ю.и.к., доц.м.а. (12.00.08), Садиева Д.А. ю.и.к., доцент (12.00.01), Кольсариева Н.Ш. ю.и.к., доцент (12.00.01), Батырбеков Т.Т. ага окутуучу, Орозбаева Б.А. улук окутуучу.

**Күн тартибинде:**

**Турсунбаева Чолпон Манасовнанын** 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **"Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик укуктук жөнгө салуу"** темасында даярдалган диссертациялык изилдөөсүн талкуулоо. Илимий жетекчиси ю.и.к., доцент Жусупов Б.А.

**Угулду:**

**Отурумдун төрагасы Жаанбаева Ч.К.:** Урматтуу бүгүнкү отурумдун катышуучулары, сиздердин назарыңыздарга Турсунбаева Чолпон Манасовнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы;

укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **“Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуу”** деген темадагы диссертациясын талкууга коёбуз.

Өзүнүн диссертациялык изилдөөсүнүн негизги жоболору менен тааныштыруу үчүн сөз изденип алуучуга берилет.

**Изденип алуучу Турсунбаева Ч.М.:** Чон рахмат! Биринчиден ушул жердеги талкууга катышуучуларга терең ыраазычылык билдиремин. Сиздерди изилдөөнүн негизги жоболору менен тааныштырууга уруксат берсеңиздер.

**Илимий изилдөөнүн актуалдуулугу.** Укуктуу мамлекеттин шарттарында адам укуктары жана эркиндиктери анын ичинде жеке кол тийбестиги бир канча алдыңкы планга коюлса да, тилекке каршы көптөгөн учурларда аялдар ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөсүндө зомбулук аракеттерге дуушар болууда. Зомбулук аракеттердин ичинде аялдарга каршы кылмыштар бир канча орундуу экендиги тынчсызданууну жаратат. Атайын статистикалык маалыматтар муну бекемдейт.

Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын бузулушуна үй бүлөдөгү аялдарга каршы зомбулук аракеттердин туруктуу өсүшү да өз кедергесин тийгизүүдө.

2015-жылы үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган аялдардан, 6758 аял кризистик борборлорго, аксакалдар сотуна кайрылган. Алардын ичинде физикалык зомбулук 3884 аял, психикалык зомбулук 4276, сексуалдык зомбулук 208, социалдык экономикалык зомбулук 2083, социалдык маданий зомбулук менен 638 аял кайрылган. Үй бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган 18-40 жашка чейин курактагылардын саны 1794 аялды түзгөн. Бул өз кезегинде репродуктивдүү курактагы аялдар катары таанылып алардын жабыркашы алардын репродуктивдүү ден соолугуна да терс таасирин тийгизбей койбойт.

Изилдөөнүн зарылчылыгы Кыргызстандагы адамдардын анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарынын корголушу, ишке ашырылышы, камсыз болушу бир канча көңүл жубатарлык абалда эместиги менен да түшүндүрүлөт.

Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо уюмунун маалыматына ылайык Кыргызстанда энелик өлүм бар болгону 5% пайызга гана кыскарып, анын деңгээли Борбордук Азия мамлекеттеринин арасында жогорку орунда калууда.

Бул тармакты изилдөөдөгү бирдиктүү усулдун жоктугу, теоретикалык жактан концептуалдык көз караштардын калыптанбашы, түшүнүк аппараттарынын толук кандуу иштелип чыгылбагандыгы, жөнгө салуу предметинин укуктук тармакка таандыктыгы, карын энеликтин укуктук абалы, көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануунун укуктук

негиздери, этикалык жактары бир канча талаш тартыш экендиги да аныктайт.

**Диссертациялык теманын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.** Кыргыз Республикасында адамдардын репродуктивдүү ден соолугун коргоо боюнча 2015-жылга чейинки улуттук программанын, 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын, алкагында жазылды.

**Диссертациялык изилдөөнүн обьектиси болуп** Кыргыз Республикасында ченемдик актыларынын деңгээлинде укуктук жөнгө салуу процессинен, адамдын анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруудан келип чыккан эл аралык укуктук, Конституциялык, жарандык жана үй бүлөлүк укуктук мамилелер саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп адамдын укук жана эркиндиктери тутумунда, аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруудан келип чыгуучу *Конституциялык, эл аралык укуктук, жарандык жана үй бүлөлүк* мамилелерди жөнгө салган ченемдик актылардын жыйындысы саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** – болуп адамдын укук жана эркиндиктери тутумунда гендердик жана физиологиялык өзгөчөлүк сапаттарга ээ болгон аялдардардын репродуктивдүү укуктарынын адам укуктары жана эркиндиктери тутумундагы орду, алардын калыптануу жана өнүгүү тенденциялары, улуттук жана эл аралык мыйзам актыларындагы бекилүү деңгээли, жаңы илимий көмөкчү технологияларды ишке ашыруудагы механизмдерин ченемдик жөнгө салынуусун талдоонун негизинде адамдын укук жана эркиндиктер тутумунда аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салынышын жакшыртуу, аларды тутумдаштыруу, толуктоо саналат.

**Бул максаттарды ишке ашырууда изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлду:**

1. Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик бекилишин, эволюциясын адам укуктары тутумунда талдоо жана алардын тутумдун ичиндеги жалпылыктары жана өз алдынчалык мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо;

2. Аялдарын репродуктивдүү укуктары чөйрөсүндөгү илимий, усулдук теоретикалык концепцияларды, көз караштарды окуп үйрөнүү;

3. Аядардын репродуктивдүү укуктарынын тутумунда энеликтин укуктук негиздерин ченемдик бекилиштерин талдоо;

4. Аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда көмөкчү репродуктивдүү технологиялардын жардамы менен ишке ашырылуучу карын энелик институтун ченемдик жөнгө салынышын аныктоо;

5. Аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруудагы көмөкчү репродуктивдүү технологиялардын механизминин табиятын окуп үйрөнүү;

6. Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын абалын аныктоо жана аны жакшыртуунун артыкчылыктуу багыттарын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн усулдук негиздерин** илимий таанымдын ар кандай болгон диалектикалык, дедукциялык, индукциялык, синтездөө, ошондой эле юридикалык логикалык, тарыхый укуктук, салыштырма укуктук, тутумдуу талдоо усулдары түздү.

Изилдөөнүн толуккандуулугун камсыз кылуу максатында түшүнүк аппараттарын классификациялоо менен өз ара байланыштарды жана көз карандылыктарды аныктоо менен байланышкан логикалык ыкмалар колдонулду.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жацылыгы болуп** Кыргыз Республикасында адам укуктарынын жана эркиндиктеринин тутумундагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын өз ара бири бири менен байланышы жана өз ара көз карандылыктарынын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталган.

Изилдөөнүн натыйжасында алынып чыккан тыянактар жана корутундулар, сунушталган жоболор аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салынышын жалпы тенденциялары менен бирге улуттук менталдык өзгөчөлүктөргө дал келүүчү концептуалдык көз караштарды калыптандыруу, бул мамилелердеги көйгөйлөрдү алдыга сүрүү менен, аны андан ары жакшыртууда түшүнүк аппараттарын иштеп чыгуу, аларды колдонуунун адеп ахлактык жактарын, тактап айтканда репродуктивдүү технологияларды пайдалануунун коммерцияланышына, болочок перзенттин акыл эси, дени сак төрөлүшүн камсыздоо үчүн атайын чектөөлөрдү киргизүү концепциясы, репродуктивдүү технологияларды колдонуудан келип чыккан укук бузууларды анын ичинде бир канча маанилүү болгон кылмыш укуктук жоопкерчилик жактарын жакшыртуу жолдору иштелип чыккандыгында.

**Диссертациянын практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөдөгү сунушталган жоболор, тыянактар Кыргыз Республикасында адам укуктары жана эркиндиктери жаатында анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда, камсыз кылууда, коргоодо бул чөйрөдөгү укуктук мамилелерди тутумдаштыруу менен аны ченемдик жөнгө салынуусун жакшыртуу менен мамлекеттик бийлик, өзүн өзү башкаруу органдарынын, саламаттыкты сактоо боюнча институттардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттырат.

Ошондой эле изилдөөнүн натыйжалары мыйзам чыгаруу, башкаруу ишмердүүлүгүндө, укук колдонуу практикасында, бул чөйрөдөгү теоретикалык илимди байытууда алардагы боштуктарды толтурууда, атайын изилдөөлөрдө, окуу процессинде, атайын курстарда колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган жоболор, корутундулар тыянактар мамлекеттин гендердик укуктук саясатын ишке

ашырууда, аялдардын укук жана эркиндиктерин жөнгө салууда, репродуктивдүү ден соолукту коргоону камсыз кылуу боюнча иш чараларды ишке ашырууда, ошондой эле репродуктивдик көмөкчү технологияларды колдонуунун сапатын, жөнгө салынышын жакшыртууда колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында коргоого алынып чыгуучу тыянак, сунуштар төмөнкүлөр:**

1. Аялдардын репродуктивдүү укуктары адам укуктары жана эркиндиктеринен туунду. Ошол эле учурда гендердик, физиологиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен аны ченемдерде өз алдынча кароо анын бирдиктүү тутумдуулугун бузбайт.

Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик калыптануу эволюциясына төмөнкү белгилер мүнөздүү:

- алгач жалпы формада берилип адам укуктары жана эркиндиктери менен бирге калыптанган;

- физиологиялык өзгөчөлүк ал укуктар тутумунда маанилүү орунду ээлеген социалдык функция энелик менен байланышат;

- алардын өз алдынча обочолонушу илим, техниканын, медицинанын өнүгүшү, феминистикалык кыймылдын күчөшү менен шартталган;

- аялдардын укуктары физиологиялык жана башка себептерден улам башка адамдар менен бирдей өз укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууга тең мүмкүнчүлүккө ээ эмес укуктарды камтып, мамлекет жана эл аралык коомчулук тарабынан өзгөчө колдоо зарылчылыгы менен коштолгон өзүнүн соңиалдык маңызына ээ болушу;

- ал укуктарда жеке жана жалпы ачык кызыкчылыктардын айкалышы.

2. Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теоретикалык конңепциялары бул укуктардын адам укуктары жана эркиндиктери менен чогуу кароо менен бирдикте бир канча өз алдынча укуктук категориялардын орун алышы менен мүнөздөлөт, аларга:

- аялдардын репродуктивдүү укуктарын жана эркиндиктерин укуктук жөнгө салууда алардын баштапкы статусу (жеке жана никелик мамилелер) маанилүү, бул сапат өз кезегинде эки укуктун чегинде жөнгө салуу зарылчылыгын жаратат (жарандык жана үй бүлөлүк);

- репродуктивдүү технологияларды пайдалануу укуктары “энелик,” “жакын туугандар” деген биологиялык байланышты бир канча кеңейтип, аны генетикалык, биологиялык жана социалдык жактан кароо зарылчылыгын жаратат;

- укуктук жактан бул укуктарды юридикалык жана медициналык негиздерде кароо ылайыктуу, юридикалык негиздерге аялдын эркектер менен тең укукта өз укуктарын ишке ашырууда, эркинин өз алдынчалуулугу жана аны ишке ашыруунун укуктук механизмдери, ал эми медициналык негиздерге аялдын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруудагы ден соолугунун абалы саналат;

- бул укуктар субъектилик жактан таандыктыгы боюнча абсолюттук, (энелик, карын энелик, кош бойлуулук), обьективдүү жактан салыштырмалуу (балдардын төрөлүү аралыгын аныктоо, кош бойлуулукту токтотуу, стерилизациялоо, көмөкчү репродуктивдүү технологияларды колдонуу).

- репродуктивдүү укук менен репродуктивдүү ден соолуктун өз ара байланышы жана көз карандылыгы.

3. Укуктун социологиялык конңепциясы энеликти укуктук жактан укуктун атайын субъектиси жана жөнгө салуу предмети катары жөнгө салуу зарылчылыгын алдыга сүрөт. Ал өз кезегинде түшүнүк аппаратын кеңейтүүнү шарттайт.

Энелик - аялдын репродуктивдүү укуктарынын курамдык бөлүгү болгон аялдын социалдык функциясын ишке ашыруу менен кош бойлуулук учуру, баланын ымыркай кезинен баштап, андан кийин аны тарбиялоо процесстерин, эненин ден соолугун чыңдоого, үй бүлөнү бекемдөөгө, энеликти сыйлоого, аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууга, алардын акыл эстик, физикалык жана адеп ахлактык өнүгүүсүнө, жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган социалдык укуктук баалуулук.

4. Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруу менен пайда болгон мамилелердеги субъектилердин укуктук абалын эске алып, жеке жактык мамилелерден келип чыгуучу жана жубайлардын мамилелеринен келип чыгуучу карын энелик деп бөлүп кароо менен, Кыргыз Республикасынын «Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктери жөнүндө" мыйзамы менен, КР үй-бүлө кодексинин шайкештигин камсыз кылуу зарыл.

Мына ошондуктан үй-бүлө кодексиндеги карын эне түшүнүгүн төмөнкүдөй сыпаттоо зарыл: "Карын энелик - карын эне менен жубайлардын ортосунда түзүлгөн келишим боюнча баланы бойго бүтүрүү, боюнда көтөрүү жана төрөө".

5. Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды мамлекеттеги демографиялык абал, анын өсүшү же азайышы менен жөнгө салуучу механизм катары карабастан үй бүлөлүк, укуктук салттарга ошондой эле жарандын укук жана эркиндиктери аркылуу кароо зарыл.

Улуттук мыйзам актыларында көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруу менен пайда болуучу укуктардын жана милдеттердин укуктук табиятына төмөнкүлөр мүнөздүү;

-ал генетикалык байланышы бар же жок жакын туугандыкты алып келет.

-чектөөчү мүнөзгө ээ карын эненин биологиялык жакын туугандыгын (энелигин) жокко чыгарат.

-ата-энелик статуста эки генетикалык ата-эне түшүгүн алып келет.

6. Аялдардын репродуктивдүү укуктарын, анын ичинде көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ченемдик жөнгө салынуусун жакшыртуу, түшүнүк аппараттарынын толуккандуулугун, аларды ишке ашыруу менен байланышкан ишмердүүлүктү, алардын натыйжасында келип чыккан жоопкерчиликти жөнгө салууну жакшыртуу максатында төмөнкүлөр сунушталат:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясына;

- Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктери жөнүндө мыйзамына;

- Кыргыз Республикасынын лицензиялык уруксат берүү тутуму жөнүндө мыйзамына;

- Жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө мыйзамына;

- Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза мыйзамына тийиштүү өзгөрүү толуктоолорду киргизүү сунушталат.

**Жаанбаева Ч.К.:** Биз Чолпон Манасовнанын темасы боюнча докладын уктук. Ким бул иштин мазмуну менен таанышса өзүңүздөрдүн ойлоруңуздарды айтсаңыздар. Суроолоруңуздарды бериңиздер.

**Мурзаибраимов Н.Б.:** Урматтуу изденип алуучу, Сиз диссертациянын изилдөө алкагында адам укуктары жана эркиндиктеринин теоретикалык негиздерине көңүл бөлдүңүзбү?

**Турсунбаева Ч.М.:** Суроонуз үчүн рахмат! Диссертациялык изилдөөлөрдүн талабына ылайык изилденип жаткан илимий ишимдин объектисинин чегинде биринчи главанын биринчи параграфында аялдардын репродуктивдүү укуктары адам укуктарынын тутумунда каралган.

**Тайлакова С. Дж.:** Урматуу Чолпон Манасовна, диссертациялык изилдөөңүздө кайсыл окумуштуулардын эмгектерине көңүл бурдуңуз?

**Турсунбаева Ч.М.:** Диссертациялык изилдөөнүн жүргүзүү процессинде В.С. Нерсесянңтын , Е.М. Ворожейкиндин, Н.В. Витруктун, И.И.Гореликтин, Г.А. Дмитриеванын, Р.А. Дзыбанын, Р. А. Калистратовдун, В.И. Крусстун, Л.В. Корбуттун, Г.И. Литвинованын, Н.С.Малеиндин, Н.А. Маргацкаянын, Е.С.Митрякованын, В.А.Малышеванын, Е.Г. Малиновскаянын, С.В.Поленинанын, А.А. Пестрикованын, Е.В. Перевозчикованын, А.Р.Пургенин, Ю.В. Павлованын, Г.Б. Романовскийдин, З.В. Ромовскаянын,

Е.Г.Соловьевдин, Е.В. Стеблеванын, Э.В.Иваеванын, Д.К.Рашидхանованын, О.А.Хазованын жана башкалардын эмгектери колдонулду.

Ата мекендик окумуштуулардан К.А. Дехканованын, Б.А. Жусуповдун, О.Д. Подкорытованын, С.К. Кожоналиевдин, Г.Д. Кадыркулованын, Ж.Ж Сабырованын жана башкалардын эмгектерине көңүл бурулду.

**Жаанбаева Ч.К.:** Урматтуу коллегалар изденип алуучуга дагы суроолор барбы?

**Кольсариева Н.Ш.:** Диссертацияңыздын натыйжасында кандай илимий жаңылыктарды сунуштадыңыз?

**Турсунбаева Ч.М.:** Рахмат! Кыргыз Республикасында адам укуктарынын жана эркиндиктеринин тутумундагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын өз ара бири бири менен байланышы жана өз ара көз карандылыктарынын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталган.

Изилдөөнүн натыйжасында алынып чыккан тыянактар жана корутундулар, сунушталган жоболор аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салынышын жалпы тенденциялары менен бирге улуттук менталдык өзгөчөлүктөргө дал келүүчү концептуалдык көз караштарды калыптандыруу, бул мамилелердеги көйгөйлөрдү алдыга сүрүү менен, аны андан ары жакшыртууда түшүнүк аппараттарын иштеп чыгуу, аларды колдонуунун адеп ахлактык жактарын, тактап айтканда репродуктивдүү технологияларды пайдалануунун коммерцияланышына, болочок перзенттин акыл эси, дени сак төрөлүшүн камсыздоо үчүн атайын чектөөлөрдү киргизүү концепциясы, репродуктивдүү технологияларды колдонуудан келип чыккан укук бузууларды анын ичинде бир канча маанилүү болгон кылмыш укуктук жоопкерчилик жактарын жакшыртуу жолдору иштелип чыккандыгында.

**Жаанбаева Ч.К.:** Изденип алуучуга дагы суроолор барбы? Жок болсо талкуугa өтүүгө уруксат бергиле. Азыр сөз изденип алуучунун илимий жетекчиси ю.и.к., доцент Жусупов Б.А. берилет.

**Жусупов Б.А.:** Теманын актуалдуулугу шек жаратпайт. Изденип алуучу Турсунбаева Ч.М. аталган тема боюнча бир канча жылдардан бери үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Анын натыйжасында бир канча илимий макалалар жарыяланып, республикалык жана эл аралык конференцияларда илимий доклад иретинде баяндалган. Аялдардын репродуктивдүү укуктары теоретикалык укуктук аспектиде Кыргызстанда алгачкылардан болуп жыйымдуу изилдөөгө алынып, көйгөйлөр аныкталып, аларды жоюу жана жакшыртуу боюнча бир канча теоретикалык жана практикалык сунуштар иштелип чыккан.

Мына ошондуктан урматтуу коллегалар изденип алуучумдун илимий эмгегин жалпы ачык коргоого сунуштооңуздарды суранам.

**Жаанбаева Ч.К.:** Сөз кезеги ю. и. к., доцент Атамкулова Е.Т. берилет.

**Атамкулова Е.Т.:** Урматтуу жыйындын катышуучулары, азыркы талкуулап жаткан илимий тема абдан актуалдуу. Учурда илимий иштин жакшы жактары менен кээ бир кемчиликтерине көңүл бурсак.

Биринчиден, илимий эмгекте изилдөөнүн объектисине жараша суроолор бир канча толуккандуу коюлган эмес.

Экинчиден, аталган эмгекте стилистикалык жана орфографиялык кемчиликтер орун алган.

Үчүнчүдөн, аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик укуктук жөнгө салуу боюнча КМШ мамлекеттеринин тажрыйбаларына аз көңүл бөлүнгөн.

Бирок, бул сын-пикирлер сунуш ирээтинде болуп диссертациянын баалуулугуна таасирин тийгизбейт.

Жыйынтыктап айтканда, бул кандидаттык диссертация өз алдынча аякталган илимий эмгек катары бааласак болот жана коргоого жатат.

Турсунбаева Чолпон Манасовнанын укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **"Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик укуктук жөнгө салуу"** темасында жазылган диссертациясын коргоого сунуштаймын.

**Жаанбаева Ч.К.:** Баарыңарга чоң рахмат. Кесиптештер тарабынан айтылган сын-пикирлер сунуш мүнөзүнө ээ, ал илимий иштин жалпы баасына, практикалык маанисине таасир этпейт. Жогорудагы айтылган сын пикирлерди эске алуу менен аны коргоого сунуштасак болот. Добуш берүүңүздөрдү суранам. Ким "макул" добуш берүүңүздөрдү суранам.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

" Макул" – талкууга катышкан бардыгы.

" Каршы"- жок.

" Калыс" – жок .

**Ош мамлекеттик юридикалык институтунун "Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы" кафедрасынын корутундусу:**

**1.Илимий изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Адамдардын анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарынын маани маңыздык жактарын изилдөө, адамдын социалдык, укуктук, биологиялык, адеп ахлактык мүнөздөмүсүнүн контексинде кароо теманын актуалдуулугун жаратат.

Изилдөөнүн актуалдуулугунун дагы бир маанилүү факторлоруна аялдардын репродуктивүү укуктарынын өзгөчө физиологиялык сапаттарын эске алуу менен ченемдердеги бекилиши саналат. Кыргызстанда бул чөйрөдөгү мамилелер жыйырманчы кылымдын экинчи жарымынан баштап мыйзам деңгээлинде жөнгө салына баштаган өтө жаш тармак.

Кыргызстан өзүнүн менталитетине ылайык келген репродуктивдүү укуктарды жөнгө салуучу мыйзам моделин тандоо жолунда турат.

Мына ошондуктан калктын кулк мүнөзү, калыптанган салттары, адеп ахлактык нормаларына, укуктук маданиятына, динине төп келген

репродуктивдүү чөйрөдөгү мыйзам актысын тандап алуу зарылчылыгы келип чыгууда.

Изилдөөнүн зарылчылыгы Кыргызстандагы адамдардын анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарынын корголушу, ишке ашырылышы, камсыз болушу бир канча көңүл жубатарлык абалда эместиги менен да түшүндүрүлөт.

Ч.М. Турсунбаеванын диссертациялык изилдөөсү аягына чыккан эмгек катары тандалып, алынган теманын актуалдуулугун жетишээрлик деңгээлде ачып берген.

Диссертациялык иш новатордук мүнөзгө ээ болуп илимий практикалык кызыкчылыкка ээ.

Диссертациялык изилдөөдөгү сунушталган жоболор, тыянактар Кыргыз Республикасында адам укуктары жана эркиндиктери жаатында анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда, камсыз кылууда, коргоодо бул чөйрөдөгү укуктук мамилелерди тутумдаштыруу менен аны ченемдик жөнгө салынуусун жакшыртуу менен мамлекеттик бийлик, өзүн өзү башкаруу органдарынын, саламаттыкты сактоо боюнча институттардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттырат.

**2. Изилдөөнүн жыйынтыктарын алууда автордун жеке катышы жана изилдөөнүн илимий жаңылыгы**.

**Изденип алуучунун жеке салымы.** Диссертациялык изилдөө өз алдынча аткарылган илимий иш катары бааланып, анын натыйжалары Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик бекилишинен алардын калыптануусун жана өнүгүүсүн изилдөөдөн келип чыккан.

Изилдөөнүн натыйжасында жалпыланган жана жеке жоболор илимий изилдөөнүн жаңылыгын жана практикалык маанисин түзүп, Кыргыз Республикасында адамдын репродуктивдүү укуктарын анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарынын келип чыккан коомдук мамилелерди жөнгө салуучу мыйзам актыларын жакшыртуу учурдагы технологиялардын өнүгүүсү менен аларды шайкеш келтирүү, бул чөйрөдөгү ченемдерди, өзгөртүү толуктоолорду киргизүү менен, жакшыртууга багытталган.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы болуп Кыргыз Республикасында адам укуктарынын жана эркиндиктерин тутумундагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын өз ара бири бири менен байланышы жана өз ара көз карандылыктарынын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталган.

Изилдөөнүн натыйжасында алынып чыккан тыянактар жана корутундулар, сунушталган жоболор аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салынышын жалпы тенденциялары менен бирге улуттук менталдык өзгөчөлүктөргө дал келүүчү концептуалдык көз караштарды калыптандыруу көйгөйлөрүн алдыга сүрүү менен, аны андан ары

жакшыртууда түшүнүк аппараттарын иштеп чыгуу, аларды колдонуунун адеп ахлактык жактарын тактап айтканда репродуктивдүү технологияларды пайдалануунун коммерцияланышына, болочок перзенттин акыл эси, дени сак төрөлүшүн камсыздоо үчүн атайын чектөөлөрдү киргизүү концепциясы, репродуктивдүү технологияларды колдонуудан келип чыккан укук бузууларды анын ичинде бир канча маанилүү болгон кылмыш укуктук жоопкерчилик жактарын жакшыртуу жолдору иштелип чыккандыгында.

**3. Диссертацияда сыпатталган сунуш тыянактардын, илимий жоболордун негизделген даражасы.**

**Диссертациялык изилдөөнүн обьектиси** болуп Кыргыз Республикасында ченемдик актыларынын деңгээлинде укуктук жөнгө салуу процессинен адамдын анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруудан келип чыккан эл аралык укуктук, Конституциялык, жарандык жана үй бүлөлүк укуктук мамилелер саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп адамдын укук жана эркиндиктери тутумунда, аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруудан келип чыгуучу *Конституциялык, эл аралык укуктук, жарандык жана үй бүлөлүк* мамилелерди жөнгө салган ченемдик актылардын жыйындысы саналат.

**Автор тарабынан илимий изилдөө учурда төмөнкү сунуш, тыянактар негизделген**:

1.Аялдардын репродуктивдүү укуктары адам укуктары жана эркиндиктеринен туунду. Ошол эле учурда гендердик, физиологиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен аны ченемдерде өз алдынча кароо анын бирдиктүү тутумдуулугун бузбайт.

Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик калыптануу эволюциясына төмөнкү белгилер мүнөздүү;

- алгач жалпы формада берилип адам укуктары жана эркиндиктери менен бирге калыптанган;
- физиологиялык өзгөчөлүк ал укуктар тутумунда маанилүү орунду ээлеген социалдык функция энелик менен байланышат;
- алардын өз алдынча обочолонушу илим,техниканын, медицинанын өнүгүшү, феминистикалык кыймылдын күчөшү менен шартталган;
- аялдардын укуктары физиологиялык жана башка себептерден улам башка адамдар менен бирдей өз укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууга тең мүмкүнчүлүккө ээ эмес укуктарды камтып мамлекет жана эл аралык коомчулук тарабынан өзгөчө колдоо зарлычылыгы менен коштолгон өзүнүн социалдык маңызына ээ болушу;
- ал укуктарда жеке жана жалпы ачык кызыкчылыктардын айкалышы.

2. Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теоретикалык концепциялары бул укуктардын адам укуктары жана эркиндиктери менен

чогуу кароо менен бирдикте бир канча өз алдынча укуктук категориялардын орун алышы менен мүнөздөлөт, аларга:

- аялдардын репродуктивдүү укуктарын жана эркиндиктерин укуктук жөнгө салууда алардын баштапкы статусу ( жеке жана никелик мамилелер) маанилүү, бул сапат өз кезегинде эки укуктун чегинде жөнгө салуу зарылчылыгын жаратат (жарандык жана үй бүлөлүк);

- репродуктивдүү технологияларды пайдалануу укуктары “энелик,” “жакын туугандар” деген биологиялык байланышты бир канча кеңейтип, аны генетикалык, биологиялык жана социалдык жактан кароо зарылчылыгын жаратат;

- укуктук жактан бул укуктарды юридикалык жана медициналык негиздерде кароо ылайыктуу, юридикалык негиздерге аялдын эркектер менен тең укукта өз укуктарын ишке ашырууда, эркинин өз алдынчалуулугу жана аны ишке ашыруунун укуктук механизмдери, ал эми медициналык негиздерге аялдын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруудагы ден соолугунун абалы саналат;

- бул укуктар субъектилик жактан таандыктыгы боюнча абсолюттук, (энелик, карын энелик, кош бойлуулук), обьективдүү жактан салыштырмалуу (балдардын төрөлүү аралыгын аныктоо, кош бойлуулукту токтотуу, стерилизациялоо, көмөкчү репродуктивдүү технологияларды колдонуу)

- репродуктивдүү укук менен репродуктивдүү ден соолуктун өз ара байланышы жана көз карандылыгы.

3. Укуктун социологиялык концепциясы энеликти укуктук жактан укуктун атайын субъектиси жана жөнгө салуу предмети катары жөнгө салуу зарылчылыгын алдыга сүрөт. Ал өз кезегинде түшүнүк аппаратын кеңейтүүнү шарттайт.

Энелик - аялдын репродуктивдүү укуктарынын курамдык бөлүгү болгон аялдын социалдык функциясын ишке ашыруу менен кош бойлуулук учуру, баланын ымыркай кезинен баштап, андан кийин аны тарбиялоо процесстерин, эненин ден соолугун чыңдоого, үй бүлөнү бекемдөөгө, энеликти сыйлоого, аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууга, алардын акыл эстик физикалык жана адеп ахлактык өнүгүүсүнө, жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган социалдык укуктук баалуулук.

4. Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруу менен пайда болгон мамилелердеги субъектилердин укуктук абалын эске алып, жеке жактык мамилелерден келип чыгуучу жана жубайлардын мамилелеринен келип чыгуучу карын энелик деп бөлүп кароо менен, Кыргыз Республикасынын «Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктери жөнүндө” мыйзамы менен, КР үй-бүлө кодексин шайкештигин камсыз кылуу зарыл.

Мына ошондуктан үй-бүлө кодексиндеги карын эне түшүнүгүн төмөнкүдөй сыпаттоо зарыл: “Карын энелик - карын эне менен

жубайлардын ортосунда түзүлгөн келишим боюнча баланы бойго бүтүрүү, боюнда көтөрүү жана төрөө”

5.Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды мамлекеттеги демографиялык абал, анын өсүшү же азайышы менен жөнгө салуучу механизм катары карабастан үй бүлөлүк, укуктук салттарга ошондой эле жарандын укук жана эркиндиктери аркылуу кароо зарыл.

Улуттук мыйзам актыларында көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруу менен пайда болуучу укуктардын жана милдеттердин укуктук табиятына төмөнкүлөр мүнөздүү;

- ал генетикалык байланышы бар же жок жакын тууганды́кты алып келет.

- чектөөчү мүнөзгө ээ карын эненин билогиялык жакын туугандыгын (энелигин) жокко чыгарат.

- ата-энелик статуста эки генетикалык ата-эне түшүгүн алып келет.

6. Аялдардын репродуктивдүү укуктарын, анын ичинде көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ченемдик жөнгө салынуусун жакшыртуу, түшүнүк аппараттарынын толуккандуулугун, аларды ишке ашыруу менен байланышкан ишмердүүлүктү, алардын натыйжасында келип чыккан жоопкерчиликти жөнгө салууну жакшыртуу максатында төмөнкүлөр сунушталат;

- Кыргыз Республикасынын Конституциясына;

- Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктери жөнүндө мыйзамына;

- Кыргыз Республикасынын лицензиялык уруксат берүү тутуму жөнүндө мыйзамына;

- Жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө мыйзамына;

- Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза мыйзамына тийиштүү өзгөрүү толуктоолорду киргизүү сунушталат.

**4. Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын илимий практикалык мааниси.**

Диссертациялык изилдөөдөгү сунушталган жоболор, тыянактар Кыргыз Республикасында адам укуктары жана эркиндиктери жаатында анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда, камсыз кылууда, коргоодо бул чөйрөдөгү укуктук мамилелерди тутумдаштыруу менен аны ченемдик жөнгө салынуусун жакшыртуу менен мамлекеттик бийлик, өзүн өзү башкаруу органдарынын, саламаттыкты сактоо боюнча институттардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттырат.

Ошондой эле изилдөөнүн натыйжалары мыйзам чыгаруу, башкаруу ишмердүүлүгүндө, укук колдонуу практикасында, бул чөйрөдөгү теоретикалык илимди байытууда алардагы боштуктарды толтурууда, атайын изилдөөлөрдө, окуу процессинде, атайын курстарда колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган жоболор, корутундулар тыянактар мамлекеттин гендердик укуктук саясатын ишке ашырууда, аялдардын укук жана эркиндиктерин жөнгө салууда, репродуктивдүү ден-соолукту коргоо, камсыз кылуу боюнча иш чараларды ишке ашырууда ошондой эле репродуктивдик көмөкчү технологияларды колдонуунун сапатын, жөнгө салынышын жакшыртууда колдонулушу мүмкүн.

Илимий изилдөөнүн теоретикалык жоболору жана тыянактары Ош мамлекеттик юридикалык институтунун «Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы» кафедрасында талкуудан өтүп жактырылды. Илимий изилдөөнүн материалдары макала түрүндө он бир эл аралык илимий конференцияларда (Германия, АКШ, Австрия, Россия мамлекеттеринде) ошондой эле, бир канча Республикалык илимий конференцияларда баяндалган.

**Ош мамлекеттик юридикалык институтунун "Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы" кафедрасы**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. "Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы" кафедрасында Турсунбаева Чолпон Манасовнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы, адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуу" темасында даярдалган диссертациялык изилдөөсүн талкулоо боюнча отуруму бекитилсин.

**2.** Турсунбаева Чолпон Манасовнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуу" деген темадагы юридикалык илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын жогоруда айтылган сын пикирлерди эске алуу менен коргоого сунушталсын.

**Добуш берүүнүн жыйынтыгы:**

"Макул" – бир добуштан.

"Каршы" – жок.

"Калыс" – жок.

**Отурумдун төрайымы:** **Жаанбаева Ч.К.**

**Отурумдун катчысы:**

Тастыктаймын ОшМЮИнин

ОК катчысы **Усорова Н.Ы.**